**УДК:657:657,261.**

**РЫСПАЕВА Н. С.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**RYSPAEVA N. S**
J. Balasagyn KNU
nazika.08@mail.ru
**КОЖОЯНОВА С. А.**
М. Рыскулбеков атындагы КЭУ
**KOZHOYANOVA S. A.**
M. Ryskulbekov KEU
nice.satkyn@mail.ru

# ЕАЭБДИН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ИШКАНАЛАРЫ ЖАНА АНЫ ИНТЕГРАЦИЯЛООНУН ПОТЕНЦИАЛДУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Предприятия Чуйской области Кыргызстана и его потенциальные возможности интеграции в рамках ЕАЭС

Enterprises of Chui oblast of Kyrgyzstan and its potential for integration within the EAEU

Макалда авторлор тарабынан ЕАЭБдин алкагында Кыргызстандын Чүй облусундагы жайгашкан ишканалардын ал абалы жана аларды интеграциялоонун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү каралат. Авторлордун пикири боюнча, ишканалардын ийгиликтери негизинен аймактардагы өндүрүлгөн товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн гана көз каранды болбостон, чет өлкөлөрдө импорт катары товардык массаны сатып алуудан, бирок ошол эле учурда аны экспорттоодон да көз каранды болот. Ишканалардын башка өлкөлөрдүн рынокторуна чыгуусу, тышкы рынокторго ата мекендик товарларды интеграциялоого жана экспорттоого мүмкүнчүлүк берет.

**Урунтуу сөздөр**: интеграциялоо, башкаруу, концепция, эффективдүүлүк, стратегия, бизнестик- ишмердүүлүк, адистештирүү, мониторинг, тобокелдик баасы, ыкма, резерв, дүйнөлүк экономика, чарбачылык ишмердүүлүк, экспорттоо, импорттоо.

В представленной научной статье авторами рассматриваются состояние предприятий, расположенных в Чуйской области Кыргызстана и их потенциальные возможности интеграции в рамках ЕАЭС. По мнению авторов, успех предприятий в основном зависит не только от продажи производимых в регионе товаров и услуг, покупки товарной массы в порядке импорта из зарубежных стран, но и его экспорта. Выход на рынки других стран дает возможность предприятиям интегрироваться и экспортировать на внешние рынки отечественные товары.

**Ключевые слова**: интеграция, управление, концепция, эффективность, стратегия, бизнес- деятельность, специализация, мониторинг, оценка риска, метод, резерв, мировая экономика, хозяйственная деятельность, экспорт, импорт.

In the presented scientific article, the authors consider the state of enterprises located in the Chui oblast of Kyrgyzstan and their potential for integration within the EAEU. According to the

authors, the success of enterprises mainly depends not only on the sale of goods and services produced in the region, and the purchase of commodity mass in order to import from foreign countries, but its export. Entry into the markets of other countries enables enterprises to integrate and export domestic goods to foreign markets.

**Keywords**: integration, management, concept, efficiency, strategy, business activity, specialization, monitoring, risk assessment, method, reserve, world economy, economic activity, export, import.

Кыргызстандын башкы максаты башка өлкөлөр менен эл аралык, анын ичинен ЕАЭБ алкагында да алакалашуу - бул экономиканы ааламдаштыруу шарттарында өлкөнүн экономикасына инвестицияларды тартуу менен интеграциялык процесстерди күчөтүүдөгү товарлардын эркин өтүшү жана жумушчу күчүнүн кызмат көрсөтүүлөрү болуп саналат.Экинчи жагынан, экономикалык кызматташтык – замандын талабы, анткени, ар бир өлкөнүн экономикасы башка өлкөлөрдүн объективдүү күчүнө жана субъективдүү себептерине көбүрөөк көз каранды болуп калат. Активдүү себептерге төмөнкүлөр кирет: бардык адамзаттар үчүн кызыкчылыктарды туудурган техникалык жана прогресстик илимий жетишкендиктерин пайдалануу зарылдыгы; көптөгөн техникалык жана уюштуруучулук чечимдерин типтештирүү, стандартташтыруу жана унификациялоо; мамлекеттердин саясий түзүмдөрүнүн ар түрдүүлүгүнө карабастан чарбалык ишмердүүлүктү киргизүүдө чоң жетишкендиктер бар. Белгилей кетчү нерсе, Чүй облусу салыштырмалуу коммуникациялык жактан Кыргыз Республикасынын өнүккөн региондорунун категориясына кирет. Ошондой эле Кыргызстандын региондорунун арасынан ушул регионду кыдырып көрүү, тышкы соода жүгүртүү боюнча алдыңкы позицияда турат деп эсептөөгө негиз берет.

800

600

400

200

0

-200

-400

Экспорт Импорт Сальдо Внешнеторговый оборот

1 Сүрөт. Чүй облусунун 2014-2018-жылдар аралыгындагы тышкы соода динамикасы (АКШнын млн. долл.).

Маалымат булагы: бажы статистикасынын маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү.

Тышкы соода жүгүртүү 2018-ж. (бажы статистикасынын маалыматтарынын негизинде) 529,9 млн. АКШ долларын түзгөн жана салыштырмалуу 2017-жылга караганда 91,8 млн.

АКШ долларына же 14,8% ке кыскарган, ал эми, 2017-жылга караганда 30,6%ке көбөйгөн. Бул көрсөткүч ички жана тышкы мүнөзүдөгү (1 -сүрөт), ар кандай жагдайларга жараша дайыма өзгөрүп турат.

Бул тууралуу (1-сүрөттөгү) динамика күбөлөндүргөндөй импорттук түшүүлөрдүн көлөмү 52,2 млн. АКШ долларына же 11,3%ке азайган, ал эми, экспортттук жеткирүү 39,7 млн. АКШ долларына же 24,8% кекыскарган. Мындай өлкөнүн экспорту менен импортунун наркынын ортосундагы терс айырмачылыктардын тенденциясы позитивдүү деп таанылышы керек, анткени, качан импорт экспорттон ашып түшсө, анда ал тышкы рыноктордогу атаандаштык болуп эсептелет.

Чүй облусунун КМШ өлкөлөрү менен бирге тышкы сода жүгүртүүлөрү жөнүндөгү кыйла толук маалыматтар 1-таблицада көрсөтүлгөн.

1 -Таблицасы – Чүй облусунун 2014-2018-жж. аралыгындагы КМШ өлкөлөрү менен жүргүзгөн тышкы соодасы.

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| КМШ өлкөлөрү менен тышкы соода жүгүртүү | | | | | |
| млн. сом. | 12 978,4 | 17 189,9 | 16 815,2 | 25 062,5 | 21 109,5 |
| млн. долл. | 282,6 | 363,1 | 346,9 | 465,0 | 331,7 |
| КМШ өлкөлөрү менен болгон экспорт | | | | | |
| млн. сом. | 4 061,8 | 5 389,0 | 5 097,7 | 7 269,0 | 5 803,3 |
| млн. долл. | 88,4 | 114,6 | 105,3 | 134,7 | 92,1 |
| КМШ өлкөлөрү менен болгон импорт | | | | | |
| млн. сом. | 8 916,6 | 11 800,9 | 11 717,5 | 17 793,5 | 15 306,2 |
| млн. долл. | 194,2 | 248,5 | 241,6 | 330,3 | 239,6 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүү | | | | | |
| млн. сом. | -4 854,8 | -6 411,9 | | | |

-6 619,8

-10 524,5

-9 502,9

млн. долл.	-105,8 -133,9 -136,3 -195,6 -147,5

Маалымат булагы: Чүй облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын маалыматтары боюнча.

Областын негизги сода өнөктөштөрү КМШ өлкөлөрү болуп эсептелет, ал эми, тышкы сода жүгүртүүсү 2018-ж.331,7 млн. АКШ долларын же 62,6%тин түзгөн. Мындагы тышкы сооданын басымдуу бөлүгү КМШ өлкөлөрү менен ЕАЭБкемүчө – өлкөлөрүнө туура келет.

Чүй облусунун ЕАЭБ өлкөлөрү менен совет мезгилинен бери дагы эле улантылып кележаткан өз ара жеткирүүлөрүдүн туруктуулугу жана туруктуулугун камсыз кылуу менен байланышкан бир катар өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу тышкы соода жүргүзүү болуп эсептелет. Ошондой эле өнөр жай өндүрүштүк керектөөлөрү, курулуш жана башка экономика секторлору Россия Федерациясындагы чыгарылган чийки заттарга жана материалдарга таянышат. Андыктан өз кезегинде ишканалар тарабынан региондордо, мисалы, жашылчалар жана жемиштер, цемент жана шиферлер, курулуш материалдарыж.б. ушул сыяктуу чыгарылган өндүрүмдөрү негизинен ЕАЭБ өлкөлөрүнүн керектөөчүлөрү үчүн арналган.

Бирок рыноктук мамилелерге өтүү менен көп нерселер өзгөргөн. Чарбалык байланыштардын үзүлүшү ЕАЭБ өлкөлөрүнүн региондук ишканалар менен болгон туруктуу жана туруктуулугун камсыз кылуучу байланыштарына олуттуу зыян алып келген.

Мындан тышкары, жаңы конструкциялык материалдарга жана технологияларга карата болгон керектөөлөрүн жайылтуу талаптарынын пайда болушу менен Чүй облусунун өндүрүшүндө олуттуу түзүмдүк өзгөртүүлөр киргизилген.

Тышкы сооданын көрсөткүчтөрүн талдоо үчүн экспорттун ассортименттик курамы жана импортко карата кызыкчылыктарды туудурат, атап айтканда, экспорттоонун маанилүү товарлары болуп төмөнкүлөр: сүт азыктары, эт, койдун терилери, козу, патокалар ж. б.у.с. (1 -табл.) эсептелет.

Талдоо көрсөткөндөй, (2014-ж.) узак убакыт ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү көбүнчө коңшу Казакстанга эт жана сүт азыктары жеткирилген. Бирок Кыргызстандын Бажы биримдигине кирүүсүнөн тартып жеткирүүнүн көлөмү кырдаалга жараша төмөндөө жагына өзгөргөн. Анын себеби, базарларда эт жана сүт азыктарын басы дээрлик бир деңгээлде же болбосо Кыргызстандагы ушундай окшош азык-түлүктөрүнүн баасыандан да төмөн болгондуктан, коңшу Казакстанда да мындай абалга жетиши менен жыйынтыкталган. Ошондуктан, Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн азык-түлүктөрдү Алматы шаарында сатуу кандайдыр бир белгилүү өлчөмд пайдасыз болуп, ал эми, алмашуу көрсөткүчтөрү коoптуу болуп калган.

2-Таблицасы – 2014-2018-жж. Чүй облусунун товарларынын маанилүү түрлөрүн экспорттоо

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| Сүт жана сүт, эт азыктары, миң т | 16,0 | 19,2 | 9,9 | 14,3 | 13,3 |
| Жашылча, миң тонна | 1,4 | 1,7 | 2,8 | 2,9 | 109,9 |
| Буудай уну, миң тонна | 0,2 | - | - | - | - |
| Патока, миң тонна | 5,2 | 3,9 | 3,7 | 5,5 | 2,2 |
| Ири мүйүздүү мал терилери, млн. долл. | - | 1,0 | 0,1 | 2,0 | 0,2 |
| Кой, козунун терилери, миң даана | 64,0 | 24,0 | 9,7 | 63,5 | 43,6 |
| Жүн, миң тонна | 0,2 | 0,1 | - | - | 0,3 |
| Айнек, млн. кв. м | - | 4,1 | 1,4 | 9,4 | 3,8 |
| Жездин калдыктары жана сыныктары, мин тонна | 4,3 | 7,3 | 7,5 | 8,8 | 8,5 |
| Алюминийдин сыныктары жана калдыктары, миң тонна | 2,6 | 2,7 | 4,4 | 6,7 | 7,1 |

Маалымат булагы: Чүй облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын маалыматтары.

Демек, мындан аркы өнүктүрүү ЕАЭБдин жалпы талаптарына жооп берген, ишканалардын санын да, ошондой эле, берилүүчү продукциялардын ассортиментин да кыйла кеңейтүү менен жыйынтыкталат. Ал эми ЕАЭБ өлкөлөрүнө берилүүчү продукциялардын аталыштарына тийиштүүлөрдү, алсак, бир иш канна эт азыктарын; үч - балык жана 14 – сүт азыктарын тапшырышат [2].

Жогоруда каралган 18 ишкананын жетиси Чүй облусунда жайгашкан жана аларды өндүргөн продукцияларын Казакстанга, ал аркылуу Россия Федерациясына өткөрүүнүн чоң потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү кызыктырат. Биринчиден, Чуй облусу 250 км аралыгында Казакстан менен чектешет. Төрт өткөрмө пунктусу бар, ал араркылуу жүктөрдү тигил же булл тарапкаташышат. Продукциялардын ассортиментин кеңейтүү жана иш каналардын санын көбөйтүү милдети, ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды чыгаруу үчүн өндүрүштүк базаны даярдоо аракеттерин жасоого алып барат. Чүй облусунда эт жана сүт өндүрүшүнүн резервдери ганаэмес, ошндой эле, жашылча-жемиш, мөмө-жемиш азыктарын кайра иштетүүчү продукциялары да бар. Бирок булмөмө-жемиш, жемиш продукцияларын сатуу көп кыйынчылыктарды жаратат. Албетте, мындай милдеттерди чечүү, жүкташуу проблемаларын иликтөөдөн баштап, бизнес-планын жана конкреттүү долбоорлорду түзүү, эл аралык соодага объективдүү жана өзүнө-өзү тура баа берүү мүмкүнчүлүктөрүнө карата комплекстүүтүрдө иш-чараларды жүргүзүүнү талап кылат. Кыргызстандын региондорунда өзүнө-өзү баа берүү сапаттуу жүргүзүлгөндүктөн, алардын карама-каршылыктары менен дисбалансы табылган, андыктан, келечекте региондорду өнүктүрүүнүн тура стратегиялык багыттарын иштеп чыгуу үчүн ошончолук көп мүмкүнчүлүктөр бар. Андыктан, биздино юбузча, Чүй облусунун ишкерлери экспорттолуучу товарларды ЕАЭБдин талаптарына ылайык келтирүү үчүн бардык күч-аракеттерин жумшоолору зарыл.

Белгилүү болгондой, ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү тышкы соода, ошондой эле, башка өлкөлөрдөгү казып алуучу тоо-кен өнөр жайынын продукциялары, атап айтканда, алтыны бар жерлер, рудалар, сейрек кездешүүчү жердеги элементтер, көмүр жана башка ушул сыяктуулар эн чоң ролду ойнойт. Бирок Кыргызстандын аймагындагы пайдалуу кендер түбөлүктүү эмес экендигин эске алуу керек. Ошондуктан ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү эң келечектүү сода мамилелерин өнүктүрүү чөйрөлөрү болуп, агро өнөр жай комплекси, экологиялык туризм, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы жана башка ушул сыяктууларэ септелет. Ошону менен бирге эле Чүй облусу аталган ишкердүүлүк чөйрөлөрүндө жетишээрлик түрдө потенциалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн региондорунун тышкы экономикалык байланыштарынын потенциалын жогорулатуунун бир ден-бир өзгөчө шарттарынын бири АПКдагы азыктардын сапатын тастыктоо (сертификациялоо) болуп саналат. Тилекке каршы, иш каналар жетиштүү түрдөгү маалыматтарга ээ эмес, ошондуктан, тастыкталган продукцияларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Өндүрүштүк процесстердин сапатын тастыктоо (сертификациялоо) – бул ЕАЭБ рыногунун артыкчылыктарыболуп эсептелет.

Мындан тышкары, коммерциялык ишмердүүлүктүн ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара аракеттешүүсүнүн тиешелүү деңгээлинин аныкталышы төмөнкүдөй ченемдер менен камсыз болушу мүмкүн:

• Экономиканын жогорку технологиялык секторун өнүктүрүү тышкы соода кыймылынан көз каранды, аны дүйнөлүк тенденция аркылуу ырастоо;

• Аймактык жана чыгарылуучу продукциялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында республиканын өндүрүштүк базасынына таандашуу артыкчылыктарын табуу;

• Ишканалардын ийгиликтүү иштешин камсыз кылуучу, өндүрүштүк коммерциялык иш кердүүлүктү киргизүү.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. Рыспаева Н.С.Өнуктүрүүнү уюштуруу көйгөйлору жана заманбап базар шартындагы коммерциялык ишкердүүлүктүн коопту субъектилери / Известия Вузов Кыргызстана,№6,2016, стр.82-86.

2. Рыспаева Н.С. Анализ резервов развития субъектов коммерческой деятельности и потенциальных возможностей интеграции в рамках ЕАЭС// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9,2016, стр.112-116

3. Рыспаева Н.С. Кыргыз Республикасындагы бухгалтериялык эсептөөну реформалоо: келечектеги онүктүрүү көйгөйлөру жана маселелери// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №5,2016, стр.142-145.

4. Рыспаева Н.С. Качественная и количественная оценка коммерческой деятельности региона в рамках ЕАЭС// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9, 2016, стр.116- 121.

Рецензенттер: Сабырова С.Ж. – экономика илиминин доктору, КР ЭАБУФБА профессору

Ким С. А. – экономика илиминин кандидаты, КР ЭАБУФБА